**Жумабаева Г.А. КББА.**
**Тарбия, социалдаштыруу,**
**мектептен сырткары**
**билим берүү лабораториясынын**
**ж.и.к., п.и.к.**

# Балдарды мажбулап эрте никеге тургузуунун кесепети.

(ата-энелер чогулушуна карата класс жетекчилерге жардам)

Азыркы кезде жаш муунга жакшы таалим-тарбия берүү өтө маанилүү. Айрыкча кыздар тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүш керек. Анткени кыздар келечек муундун энелери. Кыздардын (балдардын) дени сак өсүш үчүн психологиялык атмосфера жагымдуу болуп, анын өнүгүшүнө өбөлгө болуучу билим, тарбия берилиши зарыл. Акылы жетилген, физикалык, психикалык жана рухий соо келинден жана жигиттен соо бала төрөлөт. Жарык дүйнөгө келе турган бала акыл-эстүү, дени сак, билимдүү, мээримдүү эмгекти сүйгөн, ыймандуу энеден киндиги аркылуу кан алабы же билимсиз, жашы жете элек, мажбурлап күйөөгө берилген, жабыр тарткан, акыл-эси жеткиликтүү өнүкпөй калган энеден кан жана атадан тукум алабы, айырмасы өтө чоң. Кыз (жигит) үй-бүлөдөн толук кандуу тарбия көрбөсө, балдарын жакшы тарбиялай албай калат.

Салтыбызда адеп-ахлагы ыраазы боло турган адамдар куда түшүп келишсе, бойго жеткен кыздарын күйөөгө беришкен. Бойго жеткен, турмушка чыгууга даяр кыздын жолун тоскон эмес. Никеге туруунун максаты: үй-бүлө түзүү, жалгыздыктан кутулуу, балалуу болуу, үй жумуштарына байланышкан түйшүктөрдү жеңилдетүү, турмуштук маселелерди биргелешип чечүү, бактылуу жашоо ж.б. Адатта кыргыздар тектүү, бардар жерден, адептүү жана сүйкүмдүү кыз алууга умтулган. Кыргыздардын этнопедагогикасында кыздарды себепсиз мажбурлаган, кысым көрсөткөн эмес. Кыздар назик болушат. Системалуу мажбурланган, кысым көрсөтүлгөн, таяк жеген кыз бактысыз болот. “Кыздарды бейчекин ыйлатпайт, сөкпөйт, мыскылдабайт, буюмдарын зордук менен тартып албайт, бөлмөсүнө эркек балдар уруксатсыз кирүү – адепсиздик” (А.Муратов) [80-б]. Кыздар келечекте бирөөнүн бүлөсү болушат. Кыз күйөөгө ыйлап кетсе, төркүнүнө залакасы тиет деген ишеним бар элде.

Азыркы мезгилде жашы жете элек кыздарды никеге мажбурлап берүү кездешүүдө. Эгерде андай кылбай турган болсо, жер жүзүндө азгыруулар жана бузукулук тарап кетет деп ата-энелер чочулашат. Кыздарды эрте никелешүүгө түрткү болгон себеп – алардын бузулуп кетүүсүнөн коркуу.

“Кыздарды жашы жете элегинде ала качуунун жана мажбурлап күйөөгө берүүнүн зыяны көп” (М. Абдусаламов) [1.156-б]. Эне боло турган кыздын организми даяр эмес кезинде эне болууга мажбурлоо – зордуктун

бир түрү. Организми жетиле элек келиндин боюна бүтүп калса, баласы жармач төрөлөт, энесинин ден соолугуна да зыян. Бойго жете элек кыз өзүн бала катары сезет. Ал бала төрөгөнгө, аны тарбиялоого даяр эмес. Келин болууга даяр эмес, жетиле элек кыз кайын журтуна артык баш жүк сыяктуу сезилет. Анын кемчиликтерин көргөн кайын-ата, кайын-эне, жигит келинге нааразы болушат. Тилекке каршы жаштардын жашоосу болор-болбос нерсе үчүн бузулуп кетет. Мамлекет кыздын (жигиттин) никеге тура турган расмий жашын белгилеген. Жашы жете элек кызды (баланы) ЗАГСка тургузбайт. Ага турбаган жигит каалаган "өнөрүн" көрсөтүшү мүмкүн. Андан жоопкерчиликти талап кылган расмий документ болбосо, талак берип ажырашып алат. Анда жаш келиндин тагдыры тайкы болуп калат. Аны бактысыз абалга жеткирип, ара жолдо калтырат.

Ар бир кыз (жигит) турмуш курууга даярдык көрүшү керек, өсүп, жетилиш үчүн убакыт керек. Тарбия жагына ата-энелер, класс жетекчилер камкордук көрүүгө милдеттүү. Кыз турмуштук сыноолордон өтүүгө, башка үй-бүлөгө башы батып, балтыры сыйып кетүүгө даяр болгондо турмушка чыкканы дурус. Ага даярдыгы жок секелек кызды уурдап, ала качуу – кылмыш.

Айрым учурда ата-энелердин шашмалыгы кыздарына зыян келтирүүдө. Ата-энеси кыз жактырбаган жигитке мажбурлап берген учур болот. Келин жакшы көргөн адам менен жашайбы же ата-энесинин шашмалыгынын натыйжасында жек көргөн адамы менен жашайбы, айырмасы асман менен жердей. Сүйүктүү адам менен жашаса, бактылуу, жек көргөн адам менен жашаса, келиндин жашоосу азаптуу болот. Оруста: "Силой милый не будешь" деген макал бар. Эч ким келинге мажбурлап сүйкүмдүү боло албайт. Келин жигитти жакшы көрсө, жакшылык каалайт. Жек көргөн адамга эч ким жакшылык тилебейт. Келинчеги күйөөсүнө жакшылык каалабаса, жигиттин шору. Андай үй-бүлөнүн аурасы жагымсыз. Сүйкүмсүз, жек көргөн адамдан төрөлгөн баланын келечеги кең, түбөлүгү түс болбойт.

Кудалардын байлыгына карап, адилетсиз, абийирсиз, мүнөзү начар адамга жаш кызын мажбурлап берүү – караңгылык, түркөйлүк. Кызынын алдындагы милдетин так аткарбай, өз кызыкчылыгын ойлоп, начар адамды тандаган ата-эне күнөөкөр. Кыздын келечегин ойлобой, өз кызыкчылыгын ойлоп, бийликтеги адамдын эрке, текебер, терс жолго түшүп кеткен баласына берүү туура эмес. Нике келинге азаптуу болсо, анын натыйжасы – ажырашуу. Ажырашуу эки тарапты тең капа кылат.

Айрым учурда бойго жеткен кыз менен ата-энесинин ортосунда түшүнбөстүк чыгат. Кыз ата-энеси жактырбаган жигитти, куда-кудагыйды тандап алат. Ата-энеси тандаган жигитке каршы чыгат. Кыздын эси жок болсо, "өзүм билем, өзүм жактырган жигитке тием",- деп качып кетет. Ата-

энеси кызынан кечип, тескери бата (каргыш) берген учурлар кездешет. Натыйжада ата-энесинин айтканы туура чыгып, ата-энеси жактырбаган жигиттин баласын, куда-кудагыйдын небересин төркүнүнө көтөрүп келип, кыз ата-энесин азапка салат. Эки үй-бүлөнүн тең санаа тартышына өбөлгө болот. Ата-эне менен кызынын, кудалардын ортосунда жарака кетет.

Азыр укук коргоо кызматкерлери кыздарды ала качуу, мажбурлап күйөөгө берүү маселелерине өзгөчө көңүл бөлүүдө. Мамлекет ЗАГСка турбаган жаштарга нике кыюуга тыюу салган. Ала качуу – бул кыздын жана ата-энесинин укугу менен эсептешпей, жигиттин өз билгенин кылуусу, укук бузууга жатат. Ата-энесинин уруксаты жок, кыздын келечек тагдырын чечүүгө макулдугу жок ала качуу – жигиттин бейбаштыгы.

Тажрыйбасыздыгынан эрте күйөөгө тием деп азгырылып, жулунган жашы жете элек кыздар да бар. Эрте күйөөгө чыгып, турмуштун сыноолоруна туруштук бере албай, ажырашкан жаштар арбыды. Ажырашкан жаштардын балдарынын тарбиясында кемчиликтер арбын болот. Баланын тарбиясына ата-эне, чоң-эне, чоң-ата катышып келген. Ажырашкан жаш эне баланы атадан, чоң-атадан, чоң-энеден бөлүү менен, тамырынан бөлүнгөн даракка окшоштурат. Турмуштун чоң “шамалдарына” (кыйынчылыгына) туруштук берүүнү бала толук үй-бүлөдөн үйрөнөт. Толук эмес үй-бүлө аны бере албайт.

Эми эки топко бөлүнүп иштейли. Кызды эрте жарандык никеге мажбулоонун кесепети боюнча биринчи топко тапшырма. Өткөн кылымдын 80-жылдары “А” Прибалтикага Авиациялык институтка өтүп, окууга кеткен. Ал предметтик билимдер боюнча жакшы даярдык көргөн. Бирок өз маселелерин өзү чечүүдө кыйынчылыкка дуушар болгон. Агасы Москва шаарында Ломоносов атындагы университетте окучу. Агасынан кеңеш сураш үчүн Москвага барса, ал жерден “А”ны орус жигит жактырып, артынан сая түшкөн. Ал жигит кызга жардам берген. Кызды ресторанда “сыйлап”, шампан ичирген. Мас абалында жигит шайтандын азгырыгына туруштук бере албаган. Кыз өзүн коргой албай, никесиз кошулууга мажбурланган. Ошентип 17 жаштагы кыздын боюна бүтүп калган. Баласы төрөлөрдө ЗАГСка турушкан. “А”нын ата-энеси кызынан чоң ийгиликтерди күтүп жүрүшчү. Мындай окуяны угуп, энеси кызына төмөнкүдөй мазмундагы кат жөнөткөн: “Менин эл караган жүзүмдү жер караттың, түйүп берген топурагым ушу, эми көзүмө көрүнбө. Мени кандай санаага салсаң, балдарыңан ошондой санаа тарт”. Кат алгандан көп узабай энеси дүйнөдөн кайткандыгы жөнүндө кызы телеграмма алган.

“А”нын биринчи төрөгөн кызы “В” өтө татынакай болчу. Ал өзбек жигитти жактырып, турмушка чыккан. Бирок өзбек элинин үй-бүлөлүк тартибине көнбөй, кайын журтун, күйөөсүн жүдөткөн. Бир күнү ачуусун жеңе албай, жигит келинчегин чаап жиберсе, “В” жыгылып кеткен. Ошол

замат травматологияга күйөөсү жеткирген, бирок айыга албай "В" көз жумган. Экинчи уулу "Г" Кыргызстанга келип, кыргыз балдар менен тил табыша албай койгон. Кыргыз балдар бир күнү аны сабап койсо, өлүп калды.

Ата-энелерге жетектөөчү суроолор: Ким, качан,эмнеден жаңылды? Өз маселесин өзү чече албаган жаш кызды башка өлкөгө жиберүү туурабы? Ата-энесинин пикири менен эсептешпей кыздын (жигиттин) чечим чыгарышы туурабы? Абалды ондоого мүмкүнчүлүк бар беле? Мурда "Ата каргышы – ок, эне каргышы – бок" деп айтылчу. Азыр эне каргышы да октой болуп калган, эмне үчүн? Никеге мажбурлап эрте туруунун кесепети жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?

Экинчи топко тапшырма: Өткөн кылымдын 70-жылдары "Б"ны классташы ала качып кеткен. Кудалары кыздын ата-энесинин астына түшкөнү барышса, үйүнө киргизбей койгон. Анткени кыздын атасынан жигиттин атасы башкармалык бийликти тартып алган болчу. Ошондуктан жигиттин атасын кудасы жек көрчү. Кызына ата-энеси кат жөнөткөн: "Бизди ата-эне катары санасаң, кайрылып кел". Кызы ата-энесинин тилинен чыкпай, ажырашып кеткен. "Б"нын боюнда бар болчу. Баласын чоңойтуп жүрүп, "Б" турмушка чыкпай калды. Баласы бойго жетип, эки жолу үйлөнүп, ажырашты. Үчүнчү жолу үйлөнүп, балалуу болгондон көп узабай жаш кезинде каза болду.

Ата-энелерге жетектөөчү суроолор: Көйгөйдүн башатын аныктагыла. Башкармалык деңгээлге жеткен эки куданын кимиси кай жерде жаңылды? Экөөнүн тең балдары татынакай, билимдүү болчу. Ата-энелер эмнеге кечирише албады? Алар кечиришсе, балдары жашап кетмек беле? Үй-бүлөлүк тарбия көрбөгөн жаштар үй-бүлө күтүүнүн жол-жобосун билеби? Толук эмес үй-бүлөдө чоңойгон балдарга кантип жардам берсе болот? Кыздын пикири менен эсептешпей, ата-эненин эски стереотиби менен кызынын тагдырын чечүүгө карата мамилеңер кандай?

Биринчи топтун жообу: "А"нын ата-энеси алдыңкы катардагы билимдүү интеллигент болушкан. Ошондуктан балдары борбордук ЖОЖдорго өтүп, окушкан. Бирок тарбия маселесине жеткиликтүү көңүл бөлгөн эмес. Ал мезгилде коом адептик-рухий кризиске кетип бара жаткан. Кызды чет жакка жиберүүгө даяр эместигин ата-энеси маамдабай калган. Бул – ата-эненин жаңылыштыгы. Кыз башка жердин, элдин сыноосуна туруштук бере албай, жардам издеген. Ага сабыр, аракет керек болчу Кызды жактырып калган орус жигит кыргыз маданиятындагы тартипти билген эмес. Ал өзүнүн мүдөөсүнө жетүү үчүн аракеттенген. Жаштар ата-энеси, келечек муундун тагдыры жөнүндө ойлогон эмес. Кыргыз маданиятында кыздын никесиз боюна бүтүшү – ыймансыздык катары таанылат. Прибалтика тарапта жарандык нике одоно көрүнүш эмес.

Ата-эне, кыз, орус жигит баары билимдүү, жаман адамдар эмес болчу. Көйгөй ар ким өз кызыкчылыгы менен жашагандан чыккан. Баарына мүнөздүү сапат – өз кызыкчылыгынан башка маселени көрбөй, аракеттенүүсү. Гармониялуу мамиленин жоктугу. "А"нын биринчи кызы ата-энесиндей шыктуу болгон эмес. Анткени ата-энеси мас абалында никесиз жана батасыз кошулган. Бул кызына терс таасир эткен. Кызы "В" орустардын чөйрөсүндө чоңойгон, каалаганындай жашагысы келген. Өзбек элинин үй-бүлөлүк тартибине көнбөй койгон. Өзбек жигит келинчекти тандоодо жаңылган. Ал өз маданиятында тарбия көргөн кызга үйлөнсө болмок. "В"га үйлөнгөн соң же сабыр кылуу же жакшылык менен ажырашуу керек болчу. Маселенин баары – адептик-руханий тарбияга жеткиликтүү көңүл бөлбөй калуудан жана эки жаш эки элдин тартибинде чоңойгондуктан чыккан. Экинчи уулу кыргыз балдардын адеп-ахлагын байкап, ошого жараша мамиле түзсө болмок. Кыргыз балдардын аны сабашы – бейбашык эле болуп чектелбейт, чоң кылмыш иши болуп эсептелет. Никесиз союзга мажбуланган "А" ата-энесинен, элден бата алган эмес, энесинен каргыш алган. Үй-бүлө бата алып курулат. Бата менен адам агарып, көгөрөт. Эненин каргышына калуунун, батасыз жашоонун, тарбиянын жетишсиздигинин натыйжасы – балдары турмуштун сыноолорунан өтө албай көз жумушу.

Экинчи топтун жообу: Күчтүү лидер бийликти  күчсүздөн тартып алат, бул – сейрек кездешүүчү көрүнүш эмес. Кызды ата-энесинин жана кыздын макулдугу жок эле жигиттин ала качуусу нормалдуу  көрүнүш эмес. Бирок ошол мезгилде көп үй-бүлөлөр ала качуу менен курулган. Жигит тарап эки жолу кудаларын капа кылган. Жигиттин ата-энеси маселени салт боюнча чече алган жок. Башка жолду издеген жок. Ага аракет кылган да жок. Анткени башкарма атасы күчтүүлүгүн сезип, текебер абалга жеткен. Жигиттин атасынын текебердиги кыздын ата-энесинин ачуусуна тийген. Кызы "Б" ийгиликтүү иштеп кетти. Үй-бүлө күтпөй калгандыктан уулуна толук кандуу тарбия бере алган жок. Ошондуктан уулу улам ажырашып, кийинки кризис башталарда көз жумду. Үй-бүлө – бала тарбиясында маанилүү институт. Үй-бүлө берген тарбияны эч ким бере албайт. Кризис – бул өнүгүүгө шанс экендигин "Б"нын уулу түшүнбөй өтүп кетти. Мурунку муундун жаңылыштыгынын кийинки муунга зыяны тиет. Ошондуктан балдардын тагдыры чечилерде ата-эне өз кызыкчылыгын ойлобой, балдарынын келечегин ойлош керек. Аларды мажбурлап үйлөндүрүү да, ажыраштыруу да туура эмес. Эски стереотиптердин көп тагдырларга зыяны тийүүдө.  Ата-энеси тил табышып, кечиришсе, балдары жашап кете алмак, анткени эки жаштын тең адеп-ахлагы жакшы болчу.

Мугалим: Мажбурланган никенин жана никесиз союздун келечеги

көбүнчө кең болбойт. Никесиз төрөлгөн балдардын психикалык абалы жетим балдардын абалынан да начар болот. Келечекте көйгөйлөр азайыш үчүн эмне кылыш керек?

– Кыз (жигит) үйлөнө электен мурда ата-эне болууга даярданып, келечектеги баласын тарбиялоо боюнча айрым билимге ээ болуш керек.

“Арифметикалык жана бухгалтердик билими жок адам олуттуу коммерциялык ишке жолобойт. Медицинаны өздөштүрбөгөн адам хирург болбойт. Мүнөзү начар калыптанган жаш келиндер тарбия маселесин эң жакшы билгенсип, балдарын “тарбиялашат” (Спенсер Г). Баланын рухий дүйнөсү деген сөздү укпаган, балага эмне пайдалуу, эмне зыяндуу экендиги жөнүндө түшүнүгү жок келиндер (аталар) да балдарын “тарбиялашат”. Баланын ден соолугунун начарлашы сабатсыз ата-эненин, чала сабаттуу педагогдун маанисиз тарбиясы менен байланыштуу”-деген англиялык психолог, философ, социолог Спенсер Герберт (1820-1903). Баланын ички дүйнөсүн билбей туруп “тарбиялоо” – проблеманын булагы. Баланын маанайынын бузулушу анын ден соолугуна зыян [2. 19-22-бб].

Турмуш куруугa даярдыгы жок жаш ата-эненин бала табиялоодогу кемчиликтери төмөнкүлөр. Баласын уруп-согуп, мажбурлап “тарбиялай” берген ата-энелер балага канчалык зыян кылып жатканын билбейт. Дайыма орунсуз тыюу менен баланы ата-эне пассивдүү кылат. Системалуу баланы бир туруп коркутуп, бир туруп эркелете берсе, аны эки жүздүү, коркок, өзүмчүл кылат. Дайыма жазаланган бала коркок болуп калат. Баланын балалык кылык-жоругу үчүн кыйкырып, урушкан энелердин авторитети төмөн болот. Өзүнө баш ийдирип тарбиялаш керек деп, ички буусун (ачуусун) энелер баладан чыгара берсе, баласынын маанайы начар болот. Анда интеллекти өнүкпөй калат. Акылды өнүктүрүүнүн жол-жобосун билбеген ата-эне баласын акылдуу кылам деп, эрте Алиппени, башканы окутса, баласынын көңүлүн окуудан калтырат. Ата-эне баланын аракетине дайыма каршылык көрсөтө берсе, баланын мүнөзү бузулат. Трагедиялуу тагдырлар, ырайымсыздык, кайдыгерлик, кырсык – тарбияга көңүл бөлбөй калуунун натыйжасы.

Эми жыйынтыктайлы. Балдарыңарды (кыздарыңарды) эч качан каргабагыла. Бойго жете элек баланы (кызды) эрте үйлөнүүгө мажбурлоо туура эмес. Эрте үйлөнгөндөрдүн 50% ажырашып жатышат. Бойго жеткен бала (кыз) үйлөнүүнү чечсе, каршы болбогула. Келиндин кемчилигин көрөр замат жаман сөз же талак айтпагыла. Ажырашкан жаштар кайра жарашууну чечишсе (үч талак айтылбаса) каршы чыкпагыла. Ата-энесин капа кылуу менен, кыз (бала) өз билгениндей жашоосу да туура эмес. Ата-энеси менен эсептешпей, эрте турмуш куруу да туура эмес. Балдар (кыздар) ата-энесин сыйлоого милдеттүү. Ата-эненин макулдугу менен үйлөнгүлө. Элдин батасын алып, балдарыңарды үйлөндүргүлө.

Адабияттар:

1. М. Абдусаламов, М.Улугбек, М.Мадазимова Акыл нуру. Ош. ЖЧК “Ризван”. 2017. 156-160-бб.
2. Мудрость воспитания. Книга для родителей. Составители: Б.М. Бим-Бад, Э.Д.Днепров, Г.Б. Корнетов. М. Изд. Педагогика. 1989.19-22-бб.
3. А.Муратов, К.Акматов. Бала тарбиялоодогу кыргыздын кереметі. Бишкек. Глобал принт. 2020. 80-б.